Катышуучунун коду
Код участника

Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги

Министерство образования и науки Кыргызской Республики

БИЛИМДИ БААЛОО ЖАНА ОКУТУУ УСУЛДАРЫ БОРБОРУ
ЦЕНТР ОЦЕНКИ В ОБРАЗОВАНИИ И МЕТОДОВ ОБУЧЕНИЯ
CENTER FOR EDUCATIONAL ASSESSMENT AND TEACHING METHODS

Республикалык олимпиаданын IV туру

IV тур Республиканской олимпиады

Кыргыз тили жана адабияты

(орус класстары үчүн)

Фамилиясы/ Фамилия		Аты/Имя	
Атасынын аты/ Отчество			
Мектеби/Школа		Айылы/ Село	
Району/Район		Шаары/ Город	
Облусу/Область			
Телефону/ Телефон			
Мугалиминин ФАА/ ФИО учителя			

Нускама

Олимпиаданын жазуу туру кыргыз тили жана кыргыз адабияты боюнча тапшырмаларды камтыйт.

Кыргыз тили жана кыргыз адабияты боюнча тапшырмаларды аткарууга 4 саат берилет. Ар бир тапшырма ар кандай балл менен бааланат.

Олимпиада тапшырмаларынын аткарылышынын башкы критерийи – өз алдынчалык. Бардык тапшырмалардын жооптору берилген дептердин ичиндеги атайын көрсөтүлгөн жерлерде бир ГАНА көк калемсап менен аткарылышы керек.

Конкурсанттарда кошумча материалдын (көркөм адабият тексттери, түрдүү сөздүктөр, окутуу-методикалык адабият, мобилдик байланыш каражаттары, компьютер ж.б.) болушуна жол БЕРИЛБЕЙТ. Олимпиадада телефон чалууларга жана социалдык тармактардагы коммуникацияга, олимпиада катышуучулары тарабынан тапшырмалардын талкууланышына жана орток аткарылышына тыюу салынат. Бул шарттар бузулганда окуучу олимпиада катышуучуларынын курамынан чыгарылат.

Тапшырмаларды орток аткаруу же көчүрүү фактылары байкалган иштер аткарылган тапшырмалардын сапаты жана санына карабастан нөл упай менен бааланат.

Тил тапшырмалары. Конкурсанттарга сунуш кылынган тил тапшырмалары тил илиминин бардык бөлүмдөрүн чагылдырат жана окуучулардын жөн гана билимге түз жетүүсүнө эмес, билимин чыгармачылык менен колдонуусуна жана сабактарда калыптандырылган (лексика, грамматика, пунктуация, окуу жана түшүнүү боюнча) жөндөмдөрдү көрсөтүп берүүсүнө багытталган.

Пикир. Пикир жазуу үчүн окуучуларга адабий тексттер сунуш кылынат. Жазылган иш бүтүн, ырааттуу, аягына чыккан текст болууга тийиш. Катышуучу

- бардык жагдайларды жана деталдарды эске алып, ырааттуу текст жазса;
- текстте берилген окуяларга, буюмдарга, каармандарга, кубулуштарга өз мамилесин туюндурса;
- жүйөлөрдү колдонуп, теманын формулировкасына таянып жана өз ойлорун тексттен, башка чыгармалардан, жеке тажрыйбасынан алынган мисалдар менен чагылдырып ой жүгүртсө,

жазылган иш жакшы деп эсептелет.

Тил жагынан катышуучу

- сөз байлыгын;
- грамматикалык конструкцияларды түрдүүчө колдоно билүү жөндөмдүүлүгүн;
- теориялык-адабий түшүнүктөргө (троп жана стилистикалык фигуралардын аттарына) ээ экенин көрсөтөт.

Иштин көлөмү эң аз дегенде 150 сөздү түзөт. Эгер иш кайра айтылган же көп бөлүгү кайра көчүрүлгөн комментарийсиз баштапкы тексттен гана турса, анда иш нөл упай менен бааланат.

Упай | | Катышуучунун коду | |

Кыргыз тили жана адабияты боюнча

республикалык олимпиаданын тапшырмалары

(орус класстары үчүн)

Аткаруу убактысы: 4 саат

Кыргыз тили

Эскертүү: ***«Бир гана жооп жазгыла» деп көрсөтүлгөн учурларда бирден көп жооп жазылган болсо, биринчи жооп гана каралат!***

1. Төмөнкү сүйлөмдөрдөгү асты сызылган сөздөргө маанилеш сөздөрдү жазгыла. ***(Жоопторду асты сызылган сөздөрдөн кийинки кашаалардын ичине жазгыла. Ар бир кашаанын ичине бир гана жооп жазгыла)***

1) Теребелде ( ) толкундун шырпылдаган үнүнөн башка тынчтыкты бузган эч кандай жандык жок.

2) «Үйрөнгөн жоо атышарга ийги ( )» деген сөз бар, балам.

3) Эки чоң ( ) төкмө акындын айтышы көпчүлүктүн бүйүрүн кызытты.

4) Багып жүргөн кырк тулпар,
Түгөл ( ) айдап келди дейт. («Эр Төштүк»)

2. Төмөнкү сүйлөмдөгү асты сызылган сөзгө карама-каршы маанидеги сөздү жазгыла. ***(Жоопту асты сызылган сөздөн кийинки кашаанын ичине жазгыла. Кашаанын ичине бир гана жооп жазгыла)***

Карып муштумдай ( ) этке өпкө менен боордон кичинекейден кесип, кош колдой кармаганда, тиги абышка сүйүнүп, Карыпка карай колун сунду.

3. Төмөнкү сүйлөмдөрдөгү ТУУРА ЭМЕС жазылган сөздөрдү тапкыла жана алардын ТУУРАСЫН төмөндө берилген бош орундарга жазгыла.

Эскертүү: Туура жазылган сөздү туура эмес оңдоп салса, тийиштүү балл кемитилет!

1) Төрдө малдаш токунуп отурган ак сакал аталардын астына дастаркон жайылып, жайдаары күлүмдөгөн кыз-келиндер каскатар тизилип, салт боюнча карагесек этин өзүнчө, гүлчөтайын өзүнчө көтөрүп кирип келишти.

2) Мен музыкалык мектепте окуп жүргөн тырнактай кезимде эле, улуттук асбаптарда тымбай ойноп, кээде чоочун адамдардан чоочулабастан, башкаларга караганда көбүрөк ырдачымын.

3) Менин окуумга жолтоо болот дешип, бул тууралу мага эчким эчкачан эчтеке айткан эмес экен.

_____
_____
_____
_____
_____
_____
_____
_____
_____
_____
_____
_____

4. Төмөнкү тең байланыштагы татаал (кошмо) сүйлөмдү багыныңкы байланыштагы татаал (кошмо) сүйлөмгө айландыргыла.

Эскертүү: Тең байланыштагы татаал (кошмо) сүйлөмдүн түгөйлөрүнүн ортосундагы маанини сактоо керек.

Биздин Шекер – эң чоң айыл – ал – үч жүздөн ашык түтүн.

_____

5. 4-тапшырмадагы татаал (кошмо) сүйлөмдүн тутумунда канча жөнөкөй сүйлөм бар?

_____

6. Төмөнкү багыныңкы байланыштагы татаал (кошмо) сүйлөмдөрдүн баш жана багыныңкы түгөйлөрүнүн ортосундагы маанилик катышты аныктагыла.

1) Каныбектин кабарын угуп, Бегайым түнү менен уктабай чыкты.

_____

2) Чындап окугум келсе барбы, колумдагы китепти эки саатта окуп коём.

_____

7. Төмөнкү татаал (кошмо) сүйлөмдүн багыныңкы түгөйүн аныктагыла.

Адашкандын айыбы жок,

Кайтып үйүрүн тапкан соң.

_____

8. Төмөнкү сүйлөмдөрдүн тийиштүү жерлерине тыныш белгилерин койгула.

Эскертүү: Баш тамга жана кичине тамгаларды өзгөртпөгүлө!

Ар бир туура эмес коюлган тыныш белги үчүн тийиштүү балл кемитилет!

Тексттеги асты сызылган сөздөргө көңүл бурбагыла!

Күнгө жекшемби ара-чоло кез.

Кыз-келин менен өң боз бала көлдүн кылаасына чыгышты. Алардын тандап алган жери береги көлгө кирип барган булуңча. Бир заманда ал жер токойлуу болуптур. Жээктеги камышын эки өркөчү тик турган төө араласа таптырбай кетчү экен. Арасын кыргоол уялап коён жатактап жүрчү экен. Эми андагы калың токой суюлган кез түп-түп чычырканак дүпүйүп бүрдөп турган бирин-серин сары тал менен жылгын көрүнөт. Кээ бир жеринде чок койгондой топ-топ чыккан камышы бар.

Булуңдун жалпы көрүнүшү ушундай. Ал эми тигил жээк тарапта кичирээк короонун ордундай аянтчага сейилдеп чыккан боз балдар топтолду. Күндүк өмүрүң болсо түштүгүнө жорго мин дегендей кеч тамаша менен кирмек болду го.

9. Жогорку тексттеги фразеологизмдерди тапкыла жана алардын маанилерин чечмелеп бергиле.

_____

_____

_____

_____

_____

_____

10. Жогорку тексттеги тыбыш менен тамганын саны дал келбеген сөздөрдү тапкыла.

Эскертүү: Ар бир туура эмес жооп үчүн тийиштүү балл кемитилет!

_____

_____

_____

_____

11. Жогорку тексттеги кош сөздөрдү тапкыла.

Эскертүү: Ар бир туура эмес жооп үчүн тийиштүү балл кемитилет!

12. Жогорку тексттеги асты сызылган сөздөргө морфологиялык талдоо жүргүзгүлө.

13. Тексттеги «Күндүк өмүрүң болсо, түштүгүнө жорго мин» деген макалда «түштүк» сөзү эмнени билдирет?

14. Учурда көчөлөрдөн ар кандай жазууларды кезиктирүүгө болот. Алардын айрымдары туура жазылса, айрымдары туура эмес жазылган. Берилген сүрөттөгү жазуу туура жазылганбы? Эгер туура эмес жазылган болсо, туура деп эсептеген вариантты көрсөтүп, эмнеге андай жазылышы керек экенин түшүндүрүп бергиле. ***(Жоопту төмөндөгү бош орунга жазгыла)***

_____

_____

_____

_____

_____

_____

15. Жогорку сүрөттөгү мисал түгөйлөрүнүн байланыш жолуна карай сөз айкаштарынын кайсы түрүнө кирет?

_____

Баалоо:
1-тапшырмага 6 балл;
2-тапшырмага 1,5 балл;
3-тапшырмага 4,5 балл;
4-тапшырмага 2 балл;
5-тапшырмага 1 балл;
6-тапшырмага 4 балл;
7-тапшырмага 1 балл;
8-тапшырмага 4 балл;
9-тапшырмага 3 балл;
10-тапшырмага 3,25 балл;
11-тапшырмага 1,25 балл;
12-тапшырмага 3,5 балл;
13-тапшырмага 1 балл;
14-тапшырмага 3 балл;
15-тапшырмага 1 балл.

Бардыгы: 40 балл

Кыргыз адабияты

Кыргыз элинин улуу жазуучусу Чыңгыз Айтматовдун «Эрте жаздагы турналар» повестинен алынган үзүндүнү жана жаш акын Бакытбек Жунусалиевдин «Турналар жазды чакырат» аттуу ырын кунт коюп окуп чыккыла.

- **Бул эки чыгарманы салыштыргыла. Эки чыгармада кандай жалпылыктар жана кандай айырмачылыктар бар? Эки чыгарманын темасы менен идеясы кандай чагылдырылган? Өз оюңарды билдирип, аны негиздеп жазгыла.**
- **Аңгемедеги каармандардын ой-тилеги, жашоо образы кандай? Турналар менен балдардын кандай байланышы бар?**
- **Ырдагы турналар менен жаздын кандай байланышы бар? Балдардын кубанычы кандай сүрөттөлгөн?**
- **Бул чыгармаларды окуп чыккандан кийин, силерде кандай сезимдер жаралды? Чыгармаларда кандай көркөм сөз каражаттары колдонулган, аларды колдонуу аркылуу чыгарманын образдык-маанилик мазмуну, идеясы кандай ачылып берилген? Чыгармаларда көркөм параллелизмдер барбы?**

Турналардын эрте келгени жаз менен жайга жакшы жышаан деген карыялардын сөзүн эстеди Султанмурат.

– Эрте келген турналар жакшы жышаан! – деп ээр үстүндө артына тоголоно берип кыйкырды ал Анатайга. Түшүм болот! Түшүм мол болот.

– Эмне, эмне? – деп Анатай жакшы укпай жатты.

– Түш-үм! Түшүм мол болот!

Анатай артына толгонуп, Эркинбекке кыйкырды:

– Түшүм мол болот! Түшүм! Эркинбек жооп кайтарды:

– Уктум, укту-ум! Түшүм мол болот!

Кошчу балдар бир топ жерге чуркап барышты, анан бир белге чуркап чыкканда турналар кайра көтөрүлүп калганын көрүштү… Конбой коюшканын карачы. Же конгону баратканы төгүн беле? Энтиккен балдар эс алып туруп калды. Султанмурат дагы нараак чуркап барды да, каалгып көкөлөп бараткан турналарды узата караган көздөрүнө жаш толуп, токтоп калды…

Балдар кайра кайтып, кош айдоону улантты. Күн жакшы тийип берди. Түштө колхоздон араба келди. Аттарга чөп, балдарга картөшкө, эт, ун, отун апкелиптир, биргат Эргеш менен Кубаткулду кошмочу менен алып, балдар капа болбой чыдай турсун, башкарма бияктагы эки баланы коё бермей болду, эртең десант толук чогулат дептир Чекиш. Сөзсүз болот дептир дагы. Анан эки күндөн кийин Ак-Сайга Тыналиев башкарма

өзү келмей болуптур. Жүк ташып келген арабакеч ушундай кабар апкелди. Баары чогуу отуруп түштөнүштү да, балдар кайра ишине жөнөөрдө, ашпозчу кемпир Султанмураттан суранып калды: «Ушул араба менен айылга барайын, эртең эле Чекиш менен кошо келип калам; үйдө майда тирилигим бар эле, анын үстүнө самын ала келбесем, баарыңар кирдеп кеттиңер. Силер ач болбосун деп, бир казан нан жаап койдум, көжө бышырып койдум, курсагыңар ачканда жылытып ичкиле…» Султанмурат коё бергиси жок эле, аргасыз макул болду. Чоң эле кишини тыйып, талашып отурмак беле.

Ошону менен балдар айдоосуна кетти. Күн батканча айдашты. Кеч киргенде ошол тилкени бүтүрүштү. Айланта карасаң, аябагандай көп жерди коңторуп салыптыр. Балдардын биринчи айдоосу. Алдыда канча айдоо жатат. Бирок иштин башталышы бар. Башталышы болбосо уландысы кайдан болмок.

Күүгүм талаш акыркы борозду тилип чыгышты да, кайрылган жерлердеги алаларды терип айдап, анан токтолбостон соколорун жаңы тилкеге өткөрүштү. Эртең жаңы айдоо башталат.

Султанмурат балдардан кийин уктады. Уктаар алдында эшикке чыгып, аттарды карап койду. Арабанын эки жанына алты-алтыдан байланган аттар кургак бедени жайбаракат күртүлдөтүп, кээде бышкырып коюп, тынч турушкан экен.

Турналар жазды чакырат

Турналар эрте келишет,
Жазында келгин куштардан.
Тизилип бийик учушат,
Калемге окшоп учталган.

Ырыскы чачып жериме,
Турналар келсе, жаз келет.
Сагынып көлмө, саз жерин,
Сабалап өрдөк-каз келет.

Турналар учса тизилип,
Чуркурап балдар кубанат.
Кыйкырып ээрчип артынан,
Кыйлага барат кубалап.

Алакан жайып дыйкандар,
Жер-жерге үрөн себишет.
Эртелеп келген турналар,
Ээрчитип жазды келишет.